**Грант Торнтон ЖЧК**

КР, 720001 Бишкек,
Токтогул көч. 125/1

Т. +996 312 97 94 90,
Ф. +996 312 97 94 91

**Grant Thornton LLC**
125/1 Toktogul Str.
720001 Bishkek, KR

T + 996 312 97 94 90
F + 996 312 97 94 91
www.grantthornton.kg

# Көз карандысыз аудитордун отчету

“Азия банкы” Жабык акционердик коомунун акционерлерине

*Пикир*

Биз “Азия банкы” (“Банк”) Жабык Акционердик Коомунун 2020-жылдын 31-декабрына карата финансылык абалы жөнүндө отчет, ошондой эле киреше, чыгашалар жана башка жалпы кирешелер жөнүндө отчет, капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет жана аталган датада жыйынтыктыкталган, акча каражаттарынын жылдык кыймылы жөнүндө отчет жана эсептөө саясатынын негизги принциптерин кыскача баяндоо кошулган финансылык отчеттуулукка берилген эскертүү камтылган финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүздүк.

Биздин оюбуз боюнча, тиркелген финансылык отчеттуулук 2020-жылдын 31-декабрына карата бардык маанилүү аспекттерде Банктын финансылык абалын, ошондой эле Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (мындан ары – ФОЭС) ылайык анын финансылык жыйынтыктарын жана аталган датада жыйынтыкталган акча каражаттарынын жылдык кыймылын так, туура чагылдырат.

*Пикирди билдирүүгө негиздемелер*

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына (мындан ары – АЭС) ылайык жүргүздүк. Ушул стандарттарга ылайык биздин жоопкерчиликтерибиз ушул корутундунун “Финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги” бөлүмүндө берилген. Аудиторлордун жана аудитордук уюмдардын көз карандысыздыгынын эрежелерине жана биздин Кыргыз Республикасындагы финансылык отчеттуулукту текшерүүбүзгө тиешеси болгон этикалык талаптар боюнча жана кесипкөй бухгалтерлер үчүн Этиканын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан иштелип чыккан Кесипкөй бухгалтерлердин этикасынын кодексине ылайык келген Аудиторлордун кесиптик этикасынын кодексине ылайык, биз Банкка карата көз карандысыз болуп саналабыз жана ушул этикалык талаптарга ылайык башка этикалык милдеттерибизди аткардык. Биз алган аудитордук далилдер пикирибизди билдирүү үчүн негиздеме болууга жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейбиз.

## *Жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу, финансылык отчеттуулук үчүн жооп берген жактардын милдеттенмелери*

Жетекчилик ФОЭСке ылайык, аталган финансылык отчеттуулукту даярдоого жана так, туура берүүгө, ак ниет эмес иш-аракеттердин же каталардын натыйжасында олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн жетекчилик зарыл деп эсептеген ички көзөмөлдөө системасына жооп берет.

Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жетекчилик Банктын өз ишмердигин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмүн баалоого, ишмердиктин үзгүлтүксүздүгүнө тиешелүү дайындарды айрым абалдарда ачууга жана жетекчилик Банкты жоюуну көздөгөн, анын ишмердигин токтоткон же анда жоюудан же ишмердикти токтотуудан башка кандайдыр бир чыныгы альтернативасы жок болгон учурлардан тышкары, ишмердиктин үзгүлтүксүздүгүн калтыруунун негизинде отчеттуулукту түзүүгө жоопкерчилик алып жүрүшөт.

Корпоративдик башкарууга жооп берген жактар Банктын финансылык отчеттуулугун даярдоого көзөмөл жүргүзүү үчүн жоопкерчилик алып жүрүшөт.

### *Финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги*

Биздин максат финансылык отчеттуулук ак ниет эмес иш-аракеттердин же каталардын натыйжасында олуттуу бурмалоолорду камтыбаганына жөндүү ишенүүдөн жана биздин пикирден турган аудитордук корутундуну түзүүдөн турат. Жөндүү ишенүү ишенимдин жогорку баскычын билдирет, бирок АЭСке ылайык жүргүзүлгөн аудиттин бурмалоолор болгон учурда аларды ар дайым аныкташынын кепилдиги боло албайт. Бурмалоолор ак ниет эмес иш-аракеттердин же каталардын жыйынтыгы болушу мүмкүн жана алар өзүнчө же чогуу ушул финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алынган колдонуучулардын экономикалык чечимдерине таасир этерин негиздүү божомолдоого болсо, олуттуу бурмалоолор деп саналат.
АЭСке ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында биз кесиптик ой жүгүртүүнү колдонобуз жана аудит жүргүзүлгөн учурда кесиптик скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары, биз төмөнкүлөрдү аткарабыз:

- ак ниет эмес иш-аракеттердин же каталардын натыйжасында финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоонун тобокелин аныктайбыз жана баалайбыз; бул тобокелдерге жооп катары аудитордук процедураларды иштеп чыгабыз жана жүргүзөбүз; пикирибизди берүү үчүн негиздеме боло турган жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алабыз. Катанын натыйжасында олуттуу бурмалоону таба албоо тобокелине караганда ак ниет эмес иш-аракеттердин натыйжасында олуттуу бурмалоону таба албоо тобокели жогору. Себеби, ак ниет эмес иш-аракеттер көмүскө бүтүмдү, жасалмачылыкты, атайын өткөрүп жиберүүнү, маалыматты бурмалап берүүнү же ички көзөмөл системасын айланып өтүү иш-аракетерин камтышы мүмкүн;
- Банктын ички көзөмөл системасынын натыйжалуулугу тууралуу пикирди билдирүү үчүн эмес, абалдарга ылайык келген аудитордук процедураларды иштеп чыгуу максатында, аудит үчүн маанилүү болуп саналган ички көзөмөл системасынын түшүнүгүн алабыз;
- колдонулган эсептөө саясатынын тийиштүү мүнөзүн, бухгалтердик баалоолордун негиздүүлүгүн жана жетекчилик даярдаган маалыматты тийиштүү түрдө ачууну баалайбыз;
- Банктын жетекчилигинин ишмердиктин үзгүлтүксүздүгүн калтырууну колдонушунун жөндүүлүгү тууралуу корутунду чыгарабыз, ал эми алынган аудитордук далилдердин негизинде – жыйынтыгында Банктын ишмердигин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмүнө маанилүү шек саноолор жаралышы мүмкүн болгон окуяларга жана шарттарга байланыштуу олуттуу аныксыздык бар же жок экендиги тууралуу корутунду чыгарабыз. Эгер олуттуу аныксыздык тууралуу корутундуга келсек, биз аудитордук корутундуда финансылык отчеттуулуктун маалыматтарын тийиштүү түрдө ачууга көңүл бурушубуз керек же эгер маалыматтарды мындай түрдө ачуу тийиштүү түрдө эмес деп табылса пикирибизди модификациялашыбыз керек. Биздин корутундулар аудитордук корутунду чыгарылган күнгө чейин алынган аудитордук далилдерге негизделген. Бирок келечектеги окуялар же шарттар Банктын өз ишмердигин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмүн жоготуп алышына алып келиши мүмкүн;
- жалпы финансылык отчеттуулукту, анын түзүмүн жана мазмунун, анын ичинде маалыматты ачууну, ошондой эле финансылык отчеттуулук анын негизинде жаткан операциялардын жана окуялардын так, туура берилишин камсыз кылганын баалайбыз;

Биз корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген жактар менен маалыматтык өз ара аракетти жүзөгө ашырабыз, аларга башка маалыматтардан тышкары аудиттин пландалган көлөмү жана мөөнөтү жөнүндө, ошондой эле аудиттин жыйынтыгы боюнча олуттуу эскертүүлөр жөнүндө, анын ичинде аудитти жүргүзүү процессинде биз аныкталган ички көзөмөлдүн системасынын олуттуу кемчиликтери жөнүндө маалыматтарды беребиз.

Армен Ванян
Директор/Өнөктөш
Аудитордун квалификациялык
сертификаты.А сериясы №0264
2016-жылдын 11-июлу

2021-ж 15-февралы
Бишкек

Грант Торнтон ЖЧК
Аудитордук ишмердик жүргүзүү лицензиясы
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы
2013-жылдын 3-майы

# Пайда же чыгаша жөнүндө жана жалпы башка киреше жөнүндө

| Кыргыз сомунун миңдиктеринде | Эск. | 2020-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн | 2019-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн |
|---|---|---|---|
| Пайыздык жана окшош кирешелер | 7 | 484,399 | 407,542 |
| Пайыздык жана окшош кирешелер | 7 | (186,167) | (153,835) |
| **Таза пайыздык кирешелер** | | 298,232 | 253,707 |
| Комиссиялык кирешелер | 8 | 185,593 | 178,194 |
| Комиссиялык кирешелер | 8 | (28,757) | (28,287) |
| **Таза комиссиялык кирешелер** | | 156,836 | 149,907 |
| Чет элдик валюталар менен операциялар боюнча чыгашаларды алып салгандагы кирешелер | 9 | 83,180 | 52,217 |
| Пайданын жана чыгашанын курамын чагылдырган адилеттүү нарк боюнча бааланган финансы активдери менен операциялар боюнча чыгашаларын алып салгандагы киреше | | 408 | 267 |
| Башка кирешелер | | 3,598 | 1,879 |
| Насыялык чыгашалар боюнча резервди түзүү | 10 | (103,207) | (6,535) |
| Башка ээсинин нарксызданышына карата резервди калыбына келтирүү/түзүү | 22 | (308) | 2,389 |
| Кызматкерлерге болгон чыгымдар | 11 | (224,829) | (192,653) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди амортизациялоо | 21 | (47,124) | (41,279) |
| Башка чыгымдар | 12 | (75,739) | (77,673) |
| **Салык салууга чейинки пайда** | | 91,047 | 142,226 |
| Пайдага болгон салык боюнча чыгашалар | 13 | (16,862) | (15,856) |
| **Жылдык киреше** | | 74,185 | 126,370 |
| **Башка жалпы киреше:** | | | |
| *Кийин пайданын же чыгашанын курамында кайрадан классификациялана турган макалалар* | | | |
| Жыл ичинде адилеттүү нарктын таза өзгөрүлүшү | | (113) | 5 |
| **Бир жылга болгон башка жалпы киреше** | | (113) | 5 |
| **Бир жылга болгон жалпы кирешенин баардыгы** | | 74,072 | 126,375 |
| Акцияга болгон киреше | 14 | | |
| Базалык | | 116.52 | 203.82 |

12-беттен 71-бетке чейинки тиркелген эскертүүлөр ушул финансылык отчеттуулуктун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

# Финансылык абал жөнүндө отчет

| Кыргыз сомунуну миңдиктеринде | Эск. | 2020-жылдын 31-декабрына | 2019-жылдын 31-декабрына |
|---|---|---|---|
| *Активдер* | | | |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 15 | 1,757,650 | 1,213,614 |
| Башка финансы институттарындагы каражаттар | 16 | 174,554 | 149,126 |
| Туунду финансы активдери | 17 | 230 | - |
| Пайда жана чыгашалар аркылууу адилеттүү нарк боюнча бааланган финансы активдери | 18 | 5,092 | 35,771 |
| Кардаларга насыялар жана авансы | 19 | 2,691,706 | 2,172,379 |
| Инвестициялык финансылык активдер | 20 | | |
| - Башка жалпы кирешелер аркылуу адилеттүү нарк боюнча бааланган инвестициялык баалуу кагаздар | | 300 | 409 |
| - Амортизацияланган нарк боюнча бааланган инвестициялык баалуу кагаздар | | 303,491 | 318,184 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 21 | 225,999 | 219,013 |
| Сатуу үчүн арналган узак мөөнөттүү активдер | 22 | 32,463 | 26,518 |
| Башка активдер | 23 | 34,518 | 25,939 |
| Бардык активдер | | 5,226,003 | 4,160,953 |
| *Милдеттенмелер жана өздүк капитал* | | | |
| Милдеттенмелер | | | |
| Финансылык уюмдардын каражаттары | 24 | 928,793 | 604,529 |
| Туунду финансылык милдеттенмелер | 17 | 3,168 | 22 |
| Кардарлардын каражаттары | 25 | 3,406,078 | 2,692,458 |
| Пайдага болгон учурдагы салык боюнча милдеттенмелер | | 6,278 | 6,489 |
| Кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери | 13 | 4,298 | 3,178 |
| Башка милдеттенмелер | 26 | 105,933 | 86,788 |
| Милдеттенмелердин бардыгы | | 4,454,548 | 3,393,464 |
| *Капитал* | | | |
| Акционердик капитал | 27 | 670,000 | 620,000 |
| Кошумча төлөнгөн капитал | | - | - |
| Адилеттүү нарк боюнча бааланган финансылык активдерди кайрадан баалоо боюнча резерв | | (351) | (238) |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 101,806 | 147,727 |
| Бардык капитал | | 771,455 | 767,489 |
| Бардык милдеттенмелер жана капитал | | 5,226,003 | 4,160,953 |

Финансылык отчеттуулук 2021-жылдын 29-январында бекитилген жана кол коюлган.

Атакишиева Земфира — Башкармалыктын төрагасы

Кустебаева Назира — Башкы бухгалтер

12-беттен 71-бетке чейинки тиркелген эскертүүлөр ушул финансылык отчеттуулуктун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

# Капиталдагы өзгөрүүлөр боюнча отчет

Кыргыз сомунун миңдиктери

| | Акцио-нердик капитал | Кошумча төлөнгөн капитал | Адилеттүү нарк боюнча бааланган финансылык активдерди кайрадан баалоо боюнчар резерв | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Жылдык киреше | - | - | - | 126,370 | 126,370 |
| *Башка жалпы киреше:* | | | | | |
| ПЧААН боюнча эсепке алынган куралдын адилетүү наркын таза өзгөртүү | - | - | 5 | - | 5 |
| Жылдык жалпы кирешенин бардыгы | - | - | 5 | 126,370 | 126,375 |
| Акционерлерге дивиденддер | - | - | - | (52,939) | (52,939) |
| Ээлери менен операциялар | - | - | - | (52,939) | (52,939) |
| 2019-жылдын 31-декабрына калдыктар | 620,000 | - | (238) | 147,727 | 767,489 |
| Жылдык пайда | - | - | - | 74,185 | 74,185 |
| *Башка жалпы киреше:* | | | | | |
| ПЧААН боюнча эсепке алынган куралдын адилеттүү наркын таза өзгөртүү | - | - | (113) | - | (113) |
| Жылдык жалпы кирешенин бардыгы | - | - | (113) | 74,185 | 74,072 |
| Уставдык капиталда жогорулоо | 50,000 | - | - | - | 50,000 |
| Акционерлерге дивиденддер | - | - | - | (120,106) | (120,106) |
| Ээлери менен операциялар | 50,000 | - | - | (120,106) | (70,106) |
| 2020-жылдын 31-декабрына калдыктар | 670,000 | - | (351) | 101,806 | 771,455 |

12-беттен 71-бетке чейинки тиркелген эскертүүлөр ушул финансылык отчеттуулуктун ажырагыс бөлүгүн түзөт

# Акча каражатынын кыймылы жөнүндө отчет

| Кыргыз сомунун миңдиктери | 2020-жылдын 31-декабрына аяктаган жыл үчүн | 2019-жылдын 31-декабрына аяктаган жыл үчүн |
|---|---|---|
| Операциялык ишмердиктен акча каражаттары | | |
| Алынган пайыздар | 463,187 | 402,283 |
| Төлөнгөн пайыздар | (183,760) | (143,609) |
| Алынган комиссиялар | 185,474 | 178,243 |
| Төлөнгөн комиссиялар | (25,539) | (26,358) |
| Чет элдик валюталар менен операциялардан түшүү | 82,470 | 51,504 |
| Алынган башка кирешелер | 2,672 | 2,195 |
| Төлөнгөн жалпы административдик чыгашалар | (305,855) | (271,066) |
| Опреациялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшүнө чейин операциялык ишмердиктен акча каражаттарынын агымы | 218,649 | 193,192 |
| *Операциялык активдердин өзгөрүшү* | | |
| Туунду финансылык куралдар боюнча агымдар | 2,916 | - |
| Башка финансы уюмдарындагы каражаттар | (28,251) | (61,207) |
| Кардарларга насыялар жана авансгар | (617,051) | (553,743) |
| Башка активдер | 6,935 | (8,657) |
| *Операциялык милдеттенмелердин өзгөрүшү* | | |
| Финансы уюмдарынан алынган ссуда | 327,323 | |
| Финансы уюмдарынын каражаттары | (25,428) | 33,194 |
| Кардарлардын каражаттары | 732,531 | 1,038,972 |
| Башка милдеттенмелер | 19,145 | 38,228 |
| Салык салууга чейин операциялык ишмердиктен акча каражаттарынын таза түшүүсү | 636,769 | 679,979 |
| Пайдага төлөнгөн салык | (15,953) | (12,914) |
| Операциялык ишмердиктен акча каражаттарынын таза түшүүсү | 620,816 | 667,065 |

| Кыргыз сомунун миңдиктери | 2020-жылдын 31-декабрына аяктаган жыл үчүн | 2019-жылдын 31-декабрына аяктаган жыл үчүн |
|---|---|---|
| Баалуу кагаздарды сатып алуу | (550,870) | (512,325) |
| Баалуу кагаздарды сатуу | 594,596 | 441,974 |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | (24,411) | (38,127) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатуу | 12 | - |
| Инвестициялык ишмердиктен акча каражаттарынын таза түшүүсү/(сарптоо) | 19,327 | (108,478) |
| Финансылык ишмердиктен алынган акча каражаттары | | |
| Капиталдын көбөйүшүнөн түшүү | 50,000 | - |
| Төлөнгөн дивиденддер | (120,106) | (52,939) |
| Финансылык ишмердиктен алынган акча каржаттарын таза сарптоо | (70,106) | (52,939) |
| Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүшү | 570,037 | 505,648 |
| Күтүлүүчү насыялык чыгымдарды өзгөртүү | 704 | (1,718) |
| Жылдын башына болгон акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 1,213,614 | 707,467 |
| Акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине курстук айырмаларынын таасири | (26,705) | 2,217 |
| Жылдын аягына болгон акча каражаттарын жана алардын эквиваленттери (Эск. 15) | 1,757,650 | 1,213,614 |